# ХИЗБУТ-ТАХРИРДИН ӨЗГӨРТҮҮДӨГҮ ПРОГРАММАСЫ

**Бул 24.05.1410-хижрий, 22.12.1989-миладий жылы Американын Миссури штатында чакырылган мусулман студенттеринин курултайында Хизбут-Тахрирдин өкүлү сүйлөгөн сөз**

# بسم الله الرحمن الرحيم

Пайгамбарлардын саййиди, такыбадарлардын жетекчиси Мухаммад ﷺга, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына, ал заттын даъваты менен даъват кылган, тарыйкатына амал кылган, ал заттын изинен жүргөн о.э. Ислам акыйдасын өзүнүн фикратына негиз, шаръий өкүмдөрдү өз иштерине үлгү жана өз өкүмдөрүнө булак кылып алган кишилерге Алланын рахматы жана саламдары болсун!

Урматтуу боордоштор!

Силерге Ислам саламы менен салам жолдойбуз. Силерге Алланын саламы, рахматы жана берекеси жаасын. Алла Тааладан ушул жыйыныбызды Өз ыраазылыгы жолундагы калыс жыйынга айландырышын жана ушул жыйыныбыз Исламга, мусулмандарга жакшылык келтиришин сурап калабыз.

О.э. Алладан акыл-көздөрүбүздү ачып, акыйкатты акыйкат деп, батыл-жалганды батыл деп көрсөтүшүн о.э. батылдан узак болуп, акыйкатка жетиштиришин сурайбыз.

Урматтуу боордоштор!

- Бүткүл дүйнөдөгү мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселе – Халифалык мамлекетин тикелеп, мусулмандар үчүн Алланын Китеби жана Пайгамбарынын сүннөтү боюнча байъат бериле турган Халифаны шайлоо аркылуу Алла түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүүнү өз ордуна кайтаруу. Мына ошондо Халифа куфр мыйзамдарын талкалап, анын ордуна Ислам өкүмдөрүн колдонот жана ишке ашырат, исламий өлкөлөрдү Ислам диярына, алардагы коомду Ислам коомуна айландырат о.э. Исламды бүткүл дүйнөгө рисалат катары даъват жана жихад жолу аркылуу жайят.
- Мусулмандардын тагдырын чече турган маселени белгилеп алуу менен Ислам даъватын жаюуну өз мойнуна алган уюмдар, хизбдер жана жамааттар көрүнүшүндөгү кишилер ишке ашыруу үчүн аракет кылуулары важып болгон максат анык болот. О.э. алар ушул максатты ишке ашыруу үчүн басып өтүүлөрү важып болгон тарыйкат да анык болот.
- Муну түшүнүү үчүн мусулмандардын бүгүнкү күндөгү вокыйлыгын (турмуш чындыгындагы реалдуу абалын), исламий өлкөлөрдүн жана алардагы диярдын вокыйлыгын, ушул күндөрдө мусулмандар жашап жаткан коомдун вокыйлыгын жана алардын ар бирине тиешелүү болгон шаръий өкүмдөрдүн вокыйлыгын билүү зарыл.
- Мусулмандардын вокыйлыгын текшерип көрсөк, алар мусулман болушуна карабастан, алардын үстүнөн исламий, батыштык, социалисттик, улутчулдук, мекенчилдик, аймакчылдык, жаат-жаат болуп мазхабдарга бөлүнүүчүлүк пикирлеринен жана туйгуларынан турган аралаш пикирлер жана туйгулар өкүмдарлык кылып келе жатат.

- Ислам өлкөлөрүнө, алардын ичинен араб өлкөлөрүнө назар салсак, алардын бардыгы куфр мыйзамдары жана өкүмдөрү менен башкарылып келе жатат, ал эми, Исламий өкүмдөр бар болгону нике, талак, нафака (сарп-каражаттар), мураскорлук, аталык жана перзенттик маселелеринде гана ишке ашырылып жатат, бул абдан өкүнүчтүү. Бул үчүн атайын сот мекемелери ачылып, аларга «шаръий мекемелер» деген наам берилди. О.э. Саудияга жана Иранга окшогон мусулмандардын кээ бир өлкөлөрүндөгү сот мекемелеринде башка айрым бир шаръий өкүмдөр да ишке ашырылууда.
- Бүгүнкү күндө жер жүзүнүн бардык аймактарындагы мусулмандар жашап жаткан диярды текшерип көрсөк, ал Ислам дияры эмес, балким, куфр дияры экендиги анык көрүнүп турат. Муну түшүнүү үчүн шаръий терминдеги «Ислам дияры» кандай болушун жана «куфр дияры» кандай болушун билүү зарыл.
- Шаръий терминде «Ислам дияры» деп, Ислам өкүмдөрү негизинде башкарыла турган о.э. коопсуздугу да Ислам коргоосунда болгон т.а. калкынын көпчүлүгүн кайрымусулмандар түзсө да, ички жана тышкы иштери мусулмандардын бийлиги астында жана коргоосунда болгон дияр айтылат.
- Ал эми, «куфр дияры» деп, шаръий терминде куфр өкүмдөрү менен башкарыла турган о.э. коопсуздугу Ислам коргоосунда болбогон т.а. калкынын көпчүлүгүн мусулмандар түзсө да, мусулмандардын бийлиги астында жана коргоосунда болбогон дияр айтылат.
- Кайсы бир диярга Ислам дияры же куфр дияры жагынан каралып жатканда, өлкөгө же калкына эмес, балким, мыйзамдарына жана коргоосуна көңүл бурулат. Эгер мыйзамдары Ислам өкүмдөрү болуп, коопсуздугу мусулмандардын коргоосунда болсо, ал Ислам дияры деп эсептелет. Эгер мыйзамдары куфр мыйзамдары болуп, коопсуздугу мусулмандардын коргоосунда болбосо, ал куфр дияры же дорул-харб (т.а. мусулмандар тарабынан багындырылып, фатх кылынышы ылазым болгон дияр) болуп эсептелет.
- Бул пикир Сулайман ибн Бурайданын хадисинен алынган. Анда мындай делген: «… аларды Исламга даъват кыл. Эгер даъватыңды кабыл алышса, алардын (Исламын) кабыл алып, кылычыңды тыйгын. Андан кийин аларды өз диярларынан мухажирлер диярына көчүп өтүүгө даъват кыл жана аларга ушуну билдирип кой, эгер көчүп өтүшсө, мухажирлерге берилген бардык укуктарга алар да ээ болушат жана мухажирлерге жүктөлгөн милдеттер аларга да жүктөлөт». Хадистин мазмуну мындай, алар көчүп өтүшпөсө мухажирлерге т.а. Ислам диярларындагыларга берилген укуктар аларга берилбейт. Бул хадис мухажирлер диярына көчүп өтө турган кишилерге тийиштүү болгон өкүмдөрдүн ага көчүп өтпөй турган кишилерге тийиштүү болгон өкүмдөрдөн айырмалуу экенин баян

кылат. Расулулла ﷺдын доорунда мухажирлер дияры Ислам дияры, башка диярлар болсо куфр дияры эле.

- Ислам дияры жана куфр дияры же дорул-харб термини ушул хадистен истинбат кылынган (чыгарып алынган). Бул жерде «дияр» сөзүнүн «Ислам», «куфр» же «харб» сөздөрү менен кошулуп келиши, анын «башкаруу» жана «бийлик» сөздөрү менен кошулуп келишин билдирет. Ушул пикирлерден айкын боло турган нерсе, кайсы бир диярды Ислам дияры же куфр дияры деп эсептөөдө, бийлик кимдин колунда экендигине көңүл бурулат. Бийлик эки иш менен гана жүзөгө келет: биринчиси – адамдардын алака жана мамилелерин белгилүү бир өкүмдөр негизинде башкаруу; экинчиси – элдин коопсуздугун камсыздай турган жана мыйзамдарды ишке ашыра турган күч т.а. коргоо. Ушундан улам, жогорудагы эки иш шарт кылынды.
- Мындан тышкары, кайсы бир диярды Ислам дияры деп эсептөө үчүн Ислам өкүмдөрүн турмушта колдонуу шарт экендигине бир далил Алла Тааланын төмөндөгү сөзү:

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَـٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَـٰفِرُونَ﴾

***- «Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм жүргүзбөсө, анда алар капырлар».*** **[5:44]**

Буга дагы Авф ибн Маликтин хадисинде жаман акимдер жөнүндө келген сөздөр да далил болот. Анда мындай деп келген: «…Я Расулулла, бул жаман акимдерге каршы кылыч көтөрүп күрөшпөйбүзбү? - деп суралганда, Расулулла ﷺ: «Алар силердин араңарда намазды өтөп жатышкан болсо, жок, күрөшпөйсүңөр», - деп жооп берди».

Буга дагы Убода ибн Сомиттен байъат жөнүндө рыбаят кылынган хадистеги сөздөр далил болот. Анда мындай деп келген: «… башчылардан ишти тартып албоо шарты менен байъат беребиз», - деп байъат кылып жатышканда, Расулулла ﷺ айтты: «Бирок, куфр иш экендигине Алла тарабынан анык далил келген ачык капырлыкты көрсөңөр (алардан башкаруу ишин тартып алуу үчүн аракет кылышыңар шарты менен байъат кыламын)». Табароний рыбаят кылган хадисте «… анык капырлыкты…» деген сөз келген. Бул далилдер Ислам өкүмдөрүнөн башка мыйзамдардын негизинде башкаруу акимге каршы кылыч көтөрүүнү важып кылышына далалат кылат.

Бул болсо Исламды турмушта колдонуу Ислам дияры шарттарынын бири экендигинин далили болот. Болбосо, ага каршы кылыч көтөрүү жана күрөшүү важып болот.

- Ал эми, коопсуздук Ислам коргоосу менен жана мусулмандардын бийлиги менен болушу важып экендигине келсек, ал Алла Тааланын ушул сөзүнөн алынган:

﴿وَلَن يَجۡعَلَ ٱللَّهُ لِلۡكَٰفِرِينَ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ سَبِيلاً﴾

***- «Момундардын үстүнөн капырлардын өкүм жүргүзүүсүнө Алла эч качан жол бербейт».*** **[4:141]**

Т.а. момундардын үстүнөн капырлардын бийликке ээ болушу мүмкүн эмес. Себеби, бийликтин аларга берип коюлушу мусулмандардын коопсуздугун Ислам коргоосуна эмес, балким, куфр коргоосуна тапшырып коюу болуп саналат.

О.э. Расулулла ﷺ мусулмандардын бийлигине моюн сунбаган ар кандай өлкөгө каршы – калкы мусулман болсо да, мусулман болбосо да – күрөшүүгө буйручу жана куралдуу согуш алып барчу. Буга калкы мусулман болсо Расулулла ﷺ аларды өлтүрүүдөн кайтаргандыгы далил болот. Анас розияллоху анхудан рыбаят кылынат, ал айтты: «Расулулла ﷺ бир коомго каршы казат кылса, таң атканга чейин согуш кылчу эмес. Эгер азан үнүн укса, чабуул кылчу эмес. Эгер азан угулбаса, таң агаргандан кийин чабуул баштачу». Исам ал-Музайнийден рыбаят кылынат, ал айтты: Пайгамбар ﷺ ар бир карияны жөнөтүп жатканда айтчу эле: «Мечитти көрсөңөр же азан үнүн уксаңар, эч кимди өлтүрбөгүлө». Азан жана мечит Ислам каада-салттарынан. Бул хадис кайсы бир өлкөдө мусулмандардын жашап жаткандыгы ага каршы күрөшүүгө жана куралдуу согуш кылууга тыюу сала албашын түшүндүрөт. т.а. мусулмандардын бийлигине баш ийбеген өлкөлөр «дорул куфр», башкача айтканда, куфр дияры эсептелет. Себеби, бул өлкөлөрдө Ислам белгилери, үрп-адаттары көрүнсө да, бирок, алардын коопсуздугу Расулулла ﷺдын бийлиги т.а. Ислам бийлиги жана коргоосу менен камсыздандырылбаган эле. Ушул себептен улам, мындай өлкөлөр дорул фатх (фатх кылынышы ылазым болгон дияр) деп эсептелип, ар кандай дорул харбга согуш кылынганы сыяктуу, ага каршы да согуш кылынды.

- Ушул пикирлерден маалым болгондой, бүгүнкү күндө Исламий өлкөлөрдүн көпчүлүгүнүн коопсуздугу мусулмандардын коргоосу жана бийлиги менен болсо да, алардын бардыгында Ислам менен өкүм жүргүзүү шарты жок. Ошондуктан, бул өлкөлөр Исламий өлкөлөр болушуна карабастан, калкы да мусулман болушуна карабастан, «Ислам дияры» деп саналбайт, себеби, диярга баа берилип жатканда өлкөсүнө жана калкына эмес, балким, өкүмдөрүнө жана коргоосуна көңүл бурулат.
- Бүгүнкү күндөгү Исламий өлкөлөрдөгү коомдун вокыйлыгына назар салсак, ал Исламдан башка вокыйлык, анткени, коом жеке адамдардан гана эмес, балким, жеке адамдар, пикирлер, туйгулар жана мыйзамдардан куралган. Ал жеке адамдардан гана куралганда, анда калкы мусулман болгон коомдун «мусулман коому» деп айтылышы орундуу болмок.

Негизи, араларында үзгүлтүксүз байланыш болуп турган адамдардын тобу – коом деп аталат. Алардын араларында үзгүлтүксүз байланыш болбосо, алар коом болбой, балким, жамаат болот. Мисалы: кемедеги, самолёт же кербендеги жолоочулар сыяктуу.

Адамдар ортосундагы үзгүлтүксүз байланыш жүзөгө келиши үчүн алардын пикирлери, туйгулары бири-бирине дал келиши жана аларга колдонулуп жаткан мыйзамдар бирдей болушу зарыл. Бул үч элемент бири-бирине дал келбесе жана бирдей болбосо, аларда үзгүлтүксүз байланыш жүзөгө келбейт. О.э. алар коом да боло албайт.

Ушуга ылайык, коом: адамдардан, туйгулардан, пикирлерден жана мыйзамдардан куралат. Коомдор ушуларга карай белгиленет. Ошондуктан, адамдар арасындагы коомдор алардагы пикирлердин, туйгулардын жана мыйзамдардын ар түрдүү болушуна карай бири-биринен айырмаланат.

Исламий өлкөлөрдөгү калктын көпчүлүгү мусулман болушуна карабастан, алардагы коомго аралаш пикирлер, туйгулар жана мыйзамдар өкүмдарлык кылып келе жатат. Ушул себептен улам, мусулмандар ортосунда пикирлер жана туйгуларда ачык тескериликтерге жана карама-каршылыктарга дуушар болушуңуз таң калычтуу эмес. Алар бир жактан Исламга умтулуп жатса, экинчи жактан акимдеринин капыр болушуна ыраазы болуп, өздөрүнө карата колдонулуп жаткан куфр мыйзамдары жөнүндө ооз ачпай келе жатышат. Бир жактан Исламдын турмуш майданына кайтышын күтүп жатса, экинчи жактан улутчулдук, жердешчилик жана мазхабчылык пикирлерине бекем жабышып алышууда. Бир жактан Америка, Британия жана Россияны өз душмандары деп эсептеп жатса, экинчи жактан алардан жардам суроого, алар менен дос болууга умтулуп, өз проблема жана маселелерин чечип беришин күтүп жатышат.

Бир жактан мусулмандар момундарды өз ара боордоштор деп этикат кыла туруп, экинчи жактан өз улутуна жана аймактарына тарапкечтик кылышууда. Араб арабтыгына, түрк түрктүгүнө, перс перстигине, жада калса, ирактык Ирагына, сириялык Сириясына, египеттик Египетине тарапкечтик кылууда. Негизи, бул иштердин бардыгы Ислам өкүмдөрүнө бүтүндөй тескери.

Алар бир жактан Исламга ишеним билдире туруп, экинчи жактан Ислам өкүмдөрүнө бүтүндөй тескери болгон демократия, эркиндиктер, эл өкүмдарлыгы, социализм жана мындан башка куфр пикирлерине чакырышууда.

Мындан тышкары, Ислам өлкөлөрүнүн бардыгында мусулмандарга карата колдонулуп жаткан башкарууга, экономикага, таалим-тарбияга, тышкы саясатка тийиштүү түзүмдөр жана маданий мыйзамдар – куфр түзүмдөрү жана мыйзамдары болуп саналат. Бардык Исламий өлкөлөрдөгү  коомду исламий эмес кылып турган нерселер мына ушулар.

- Жогоруда өткөн бардык пикирлерден исламий өлкөлөрдүн бардыгындагы мусулмандар, мусулман болушуна карабастан, исламий эмес коомдо жашап жатышканы жана алар жашап жаткан Ислам өлкөлөрү Ислам дияры эмес экени ачык-айкын болот.
- О.э. Халифалык Мамлекети кулап, Исламды турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо колдонуудан узакташтырылгандан кийин, мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселе Халифалык Мамлекетин тикелеп, мусулмандарга халифа шайлоо аркылуу Исламды турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо кайрадан колдонуу экендиги да ачык-айкын болот. Мусулмандар бул халифага кулак салуу жана моюн сунуу байъатын берип жатканда, халифанын Алланын Китеби жана Пайгамбарынын Сүннөтү негизинде иш жүргүзүшү, куфр түзүмдөрүн жана мыйзамдарын талкалап, анын ордуна Ислам өкүмдөрүн жана мыйзамдарын колдонушу, исламий мамлекеттерди Ислам диярына, андагы коомду исламий коомго айландырышы, мусулмандар жашап жаткан мамлекеттерди Халифалык мамлекетине бириктириши о.э. Исламды бүткүл дүйнөгө Рисалат катары даъват жана жихад жолу аркылуу жайышы шарт кылып коюлат.
- Ал эми, «Бул маселе мусулмандар тагдырын чече турган эң маанилүү маселелерден» деген пикирлерге келсек, бул пикир мусулмандардын Исламдын бардык өкүмдөрүнө көңүл буруп сактоолору о.э. аларды турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо колдонуулары жана аткаруулары парз экендигин баяндап келген шаръий өкүмдөрдөн алынган. Алла Таала мындай дейт:

﴿وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْۚ﴾

- ***«Пайгамбар силерге эмнени алып келсе, аны бекем кармагыла. Силерди эмнеден кайтарган болсо, андан кайткыла».*** **[59:7]**

Аяттагы «нерсе» (маа) сөзү – умумий сөз. Ошондуктан, бул сөз Расулулла ﷺ алып келген ар бир ишке амал кылуу жана Расулулла ﷺ кайтарган бардык арам иштердин бардыгынан кайтуу важып экендигин өз ичине алат. Алла Таала айтат:

﴿وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ وَٱحۡذَرۡهُمۡ أَن يَفۡتِنُوكَ عَنۢ بَعۡضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَۖ﴾

- ***«Эй Мухаммад, алардын ортосунда Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кыл, алардын көңүл каалоолоруна ээрчибе жана Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп, фитнага салып коюларынан этият бол».*** **[5:49]**

Бул Алланын – Өзү түшүргөн бардык өкүмдөр менен өкүм жүргүзүүнүн важып экендиги жөнүндө – өз Пайгамбарына жана мусулмандарга

каратылган буйругу. Себеби, аяттагы «маа» сөзү жалпыга тиешелүүлүктү түшүндүрө турган сөз. Ошондуктан, бул сөз Алла түшүргөн өкүмдөрдүн бардыгын өз ичине алат. Алла Таала айтты:

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***- «Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар капырлар».*** **[5:44]**

Т.а. кимде-ким Алла түшүргөн бардык өкүмдөр менен өкүм кылбаса, анда алар капыр болот. Себеби, бул аяттагы «маа» сөзү умумий сөз. Ошондуктан, бул сөз Алла түшүргөн бардык өкүмдөрдү өз ичине алат.

- Алла түшүргөн бардык өкүмдөрдүн негизинде башкаруунун парз экендиги ушул аяттардан ачык-айкын болуп турат. Бул парз бүгүнкү күндө мусулмандар жашап жаткан өлкөлөрдө да аткарылбай жатат. Ошондуктан, Исламды турмушта, мамлекетте жана коомдо кайрадан жүзөгө келтирүү мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселе болуп эсептелет.

Ислам мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселеге жан аябай күрөшө турган эң маанилүү маселе катары жандашууну талап кылды. Имам Муслим Авф ибн Маликтин хадисин рыбаят кылган: Расулулла ﷺ айтты: «Келечекте абдан көп амирлер (халифалар) болот. Силер (алардын айрым иштерин) маъруф, айрымдарын мункар деп билесиңер. Кимде-ким алардын мункар иштерин жактырбаса, күнөөдөн таза болот. Кимде-ким кайтарса (азаптан) кутулат. Бирок, ким ыраазы болуп ээрчисе… Ошондо: «Я Расулулла, бул амирлерге каршы кылыч менен күрөшпөйбүзбү?» - деп суралганда, Расулулла ﷺ: «Жок (күрөшпөйсүңөр), эгер араңарда намазды өтөп жатышкан болсо», - деп жооп берди».

Имам Бухарий Убода ибн Сомиттен рыбаят кылды: «Расулулла бизди байъат берүүгө чакырды. Биз Расулуллага байъат бердик. Шаттыгыбызда да, капачылыгыбызда да, кыйынчылыгыбызда да, бейпилдигибизде да кулак салуу жана моюн сунуу, башкалардын кызыкчылыгын жогору коюу, башчылардан иштин тартып албоо шарты менен байъат бердик деп Расулуллага байъат берип жатканыбызда, Расулулла айтты: «Бирок, куфр экендигине Алладан анык далил келген ачык капырлыкты көргөнүңөрдө, алардан башкаруу ишин тартып алууга аракет кылышыңар шарты менен байъат кыламын». Табароний рыбаят кылган хадисте «анык капырлыкты» деген сөз келген.

Авф ибн Маликтин хадисиндеги «намазды өтөө – динди жүзөгө чыгаруу» деген мааниде келген. Мында «намаз» деген сөздөн жалпы «дин» мааниси түшүнүлөт, бул «жуз»дан «кулл»ду назарда тутуу деп аталат (т.а. нерсенин бөлүгүн айтканда, ошол нерсенин бүтүндөй өзү назарда тутулат). Буга кошумча түрдө, бул Ислам өкүмдөрү негизинде

башкарууга киная. Убода ибн Сомиттин хадисинде келген «ачык капырлык»тан акимдин жүргүзүп жаткан иштеринде т.а. куфр өкүмдөрү менен өкүм жүргүзүүсүндө көрүнүп жаткан ачык куфр назарда тутулууда.

Бул эки хадистин мазмуну акимдер Ислам өкүмдөрү негизинде башкарбаган жана Ислам каада-салттарын, үрп-адаттарын иш жүзүнө ашырбаган учурда, аларга каршы кылыч көтөрүшүбүздү; алар куфр мыйзамдарын ишке ашырып жаткан убакта, аларга каршы күрөшүшүбүздү; о.э. алар ачык капырлыкты ашкере кылышса, алардан башчылыкты тартып алышыбызды түшүндүрөт. «Акимдерге каршы кылыч менен күрөшүү» деген сөз «аларды өкүм жүргүзүүдөн бүтүндөй алып таштап, Ислам өкүмдөрү негизинде өкүм жүргүзүүнү өз ордуна кайтаруу үчүн аларга каршы күрөшүү» деген маанини түшүндүрөт.

Мына ушул далилдерден куфр мыйзамдары менен өкүм жүргүзүүгө тыюу салуунун жана Ислам өкүмдөрү менен өкүм жүргүзүүнүн важып экендиги мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселелерден экендиги маалым болот.

Урматтуу боордоштор!

Коомдо катуу силкинүүлөрдүн жүзөгө келиши үммөткө табигый көрүнүштөгү жандануунy пайда кылат. Бул жандануунун натыйжасында үммөттүн бардык мүчөлөрүндө бирдей түстө жалпы сезим т.а. вокыйлыкты сөзүү пайда болот. Бул сезим силкинүүнүн себептерин жана натыйжаларын үйрөнүп, андан кутулуунун жолун табуу жөнүндө пикирлөөгө алып барат.

Бул пикирлөө үммөттүн өткөн тарыхын, азыркы учурун жана келечегин, калк жана үммөттөрдүн тарыхын, алардын ойгонуу ыкмаларын жана булардын бардыгын бири-бирине салыштырууну да өз ичине алат. Акыры акыл ушул үйрөнүүнүн натыйжасында чечимге жол табат.

- Мусулмандар туш келген силкинүүлөргө келсек, алар ушул кылымдын алгачкы жылдарында эң катуу силкинүүгө учурашты. Бул силкинүү алардын бүткөн боюн титиретти, өлкөлөрүн талкалап, ынтымак-ырашкерлигин жоготту. Мамлекетин – Халифалык Мамлекетин жок кылды, аларды жакшы турмуштан кол жуудурду. Исламды турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо колдонуудан узакташтырды. Мунун натыйжасында, Халифалык Мамлекети бир нече кичинекей мамлекет жана өлкөлөргө майдаланып, бөлүп ташталды. Бул мамлекеттер жана өлкөлөр алгачкы учурда капыр мамлекеттердин башкаруусуна түздөн-түз моюн сунган болсо, кийинчерээк болсо, капырларга баш ийүүчү мусулман перзенттери болгон малай акимдердин башкаруусуна моюн сунуп келди. О.э. куфр түзүмү жана мыйзамдары мусулмандардын бардык өлкөлөрүндө колдонулду жана ишке ашырылды.
- Андан соң, Үммөттү титиреткен бул силкинүүнүн артынан экинчи силкинүү жүзөгө келди. Мында капыр мамлекеттер менен алардын араб

өлкөлөрүндөгү малай акимдери өз ара тил бириктиришти. Бул силкинүүдө Палестина басып алынып, ал жерде Израил мамлекети тикеленди.

- Бул эки силкинүүнүн мусулмандардын бардыгына катуу таасири болду. Натыйжада, алар өздөрүн куткаруу үчүн аракет кыла баштады.
- Куткаруу максатында исламий жана исламий эмес бир нече кыймылдар бутка турду. Бирок, алар мусулмандарды бул эки катуу силкинүүнүн таасиринен куткара албады.
- Экинчи силкинүүдөн кийин «Хизбут-Тахрир» жүзөгө келди. Алгач мусулмандардын бүгүнкү абалынан таасирленген бир нече мусулман кишилер бутка туруп, Ислам үммөтүнүн азыркы жана өткөн доордогу абалын үйрөнүштү. Үммөт басып өткөн жолдорду, ал туш келген проблемаларды, үммөттүн бүгүнкү оор абалын жана алардын бардыгынын себептерин үйрөнүштү. Алар мусулмандардын вокыйлыгын, Исламий өлкөлөрдөгү коомдун вокыйлыгын, бул коомдогу үммөттүн акимдер менен болгон байланышын, акимдердин үммөт менен болгон байланышын, алар үммөткө колдонуп жаткан түзүм жана мыйзамдарды о.э. өздөрү жашап жаткан коомдо мусулмандарга өкүмдарлык кылып жаткан пикирлерди жана туйгуларды үйрөнүп чыгышты.

Андан соң, алар Ислам өкүмдөрүн терең үйрөнүп, алардын вокыйлыгын түшүнүшкөндөн кийин, жогорудагы иштерди ушул өкүмдөргө салыштырышты. Андан соң, Ислам негизине курулган, же Исламий эмес негизге курулган, мусулмандарды куткаруу үчүн жүзөгө келген кыймылдардын да бардыгын үйрөнүп чыгышты.

Алар ушул терең үйрөнүүдөн кийин белгилүү бир, анык жана тунук пикирге келишти да, «Хизбут-Тахрирди» ушул пикир негизинде түзүштү.

- «Хизбут-Тахрир» ушул үйрөнүүдөн кийин: «Ислам үммөтүнүн тагдырын чече турган эң маанилүү маселе – Исламды турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо ишке ашырууну өз ордуна кайтаруу о.э. Исламды бүткүл дүйнөгө рисалат катары даъват жана жихад кылуу аркылуу жаюу» - деген пикирге келди.

Ушул пикирге негизделип, Хизхб өз максатын «исламий турмушту кайрадан баштоо жана Ислам даъватын жаюу» деп белгиледи жана ушул максатты ишке ашыруу үчүн үммөт ичинде иш жүргүзө баштады.

- Исламий турмушту кайрадан баштоо дегени – Ислам өкүмдөрүнүн бардыгына т.а. акыйда, ибадат, адеп-ахлак жана мамиле өкүмдөрүнө о.э. башкаруу, экономика, ижтима, таалим-тарбия системаларына, ушуну менен бирге, башка калктар, үммөттөр жана мамлекеттер менен боло турган тышкы саясатка байланыштуу мыйзамдарга – мусулмандардын амал кылууларын кайтаруу дегени. О.э. мусулман өлкөлөрдү Ислам диярына айландыруу жана алардагы коомду Исламий коомго айландыруу дегени.
- Исламий турмушту кайрадан баштоо, Халифалыкты кайрадан тикелөө мусулмандарга халифаны шайлоо аркылуу гана жүзөгө келет.

Ушул Халифага Алланын Китеби жана Пайгамбарынын Сүннөтүн туура аткаруу шарты менен кулак салууга жана моюн сунууга байъат берилет.

- «Хизбут-Тахрир» өз үйрөнүүлөрүнүн натыйжасында мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселени белгилөөгө о.э. өзү умтулуп жаткан максатты жана ишке ашыруу үчүн аракет кылына турган идеяны белгилөөгө жетишти. Ушуну менен бирге, бул максатты ишке ашырууда басып өтүшү шарт болгон тарыйкатты белгилөөгө да жетишти. Бул тарыйкат Алла Таала Расулулла ﷺды элчи кылып жиберген күндөн тартып Расулулла Мединада Ислам мамлекетин курганга чейинки жолунда көрүнгөн.
- Исламий турмушту кайрадан баштоо жолунда кылынып жаткан аракет жемиштүү болушу үчүн, ал жамаий кыймыл болушу важып. Жекече аракет болушу мүмкүн эмес. Себеби, жекече аракет максатты ишке ашырууга алып барбайт. Кала берсе, жеке адамдын акылы жана пикирлөөсү канчалык жогору даражада болбосун, анын жалгыз өзү максатты ишке ашыра албайт. Ошондуктан, ал жамаат менен биргеликте иш алып барышы ылазым.
- Ошондуктан, Халифалыкты тикелеп, Алла түшүргөн өкүмдөр негизинде өкүм жүргүзүүнү өз ордуна кайтаруу максатында алып барыла турган аракет жамаъий аракет болушу жана ал уюм же хизб, же жамаат көрүнүшүндө алып барылышы зарыл. Бул жамаъий аракет саясий кыймыл болушу важып. Анын саясий эмес кыймыл болушу мүмкүн эмес. Себеби, Халифалыкты тикелөө жана халифаны шайлоо саясий иш. О.э. Алла түшүргөн өкүмдөр негизинде өкүм жүргүзүү да саясий иш. Ошондуктан, бул иш саясий болушу шарт.
- Саясий эмес иштерди ишке ашыруу максатында жүзөгө келген уюмдардын мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселеге эч кандай тиешеси жок. Кала берсе, мусулмандар жүзөгө ашырууга аракет кылуулары важып болгон максатты бул уюмдар ишке ашыра албайт. Бул максат – халифалык мамлекетин кайрадан тикелеп, Алла түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүүнү өз ордуна кайтаруу. Төмөндөгү уюмдар ошондой уюмдарга мисал боло алат:

а) медреселерди жана ооруканаларды куруу, кембагалдарга, жетим-жесирлерге жана муктаждарга жардам берүү сыяктуу кайрымдуулук иштерин кылуу үчүн түзүлгөн уюмдар.

Ислам мусулмандарды кайрымдуулук иштерин кылууга чакырган болсо да, бирок, бул иштердин мусулмандар тагдырын чече турган эң маанилүү маселеге эч кандай тиешеси жок. Кала берсе, бул иштер мусулмандар ишке ашыруу үчүн аракет кылуулары важып болгон максатты ишке ашырбайт. О.э. бул иштер аны менен алек болуп жаткан жамаатты Алла түшүргөн өкүмдөр негизинде өкүм жүргүзүүнү өз ордуна кайтаруу максатында аракет кылуу деген важыпты аткаруудан чалгытып коёт.

Мындан тышкары, кайсы бир уюмдун кайрымдуулук иштери менен үзгүлтүксүз түрдө алектениши – мамилелерди үзгүлтүксүз түрдө башкарууга тиешелүү иштерден болуп эсептелет. Мамилелерди үзгүлтүксүз түрдө башкарып туруу болсо, жеке адамдардын же жамааттардын эмес, балким, мамлекет милдеттеринин бири.

Үзгүлтүксүз түрдө ишке ашырылбай турган кайрымдуулук иштери болсо «алакаларды жана мамилелерди үзгүлтүксүз түрдө башкаруу» деп эсептелбейт. Бул т.а. үзгүлтүксүз түрдө ишке ашырылбай турган кайрымдуулук иштери шариятта жайыз. Шаръий өкүмдөр бул сыяктуу кайрымдуулук иштерине буйруган болсо да, бирок, алардын мусулмандар тагдырын чече турган эң маанилүү маселеге эч кандай тиешеси жок.

б) Ибадаттарга жана сүннөттөргө дават кылуу максатында түзүлгөн уюмдар.

Ибадаттарга жана сүннөттөргө даъват кылуу – Ислам буйруган иштердин бири. Себеби, алар Исламдын бир бөлүгү жана Алла Таала даъват кылууну мусулмандардын мойнуна важып кылган жакшылыктын бир бөлүгү. Алла Таала айтты:

﴿وَلۡتَكُن مِّنكُمۡ أُمَّةٞ يَدۡعُونَ إِلَى ٱلۡخَيۡرِ﴾

***- «Силерден жакшылыкка даъват кыла турган бир жамаат болсун».***

[3:104]

Бирок, ибадаттарга жана сүннөттөргө даъват кылуу – бул Исламий даъваттын бир гана бөлүгү. А негизи болсо, алып чыгылып жаткан бул даъват Исламга толук амал кылууга каратылышы – т.а. акыйда, ибадат, адеп-ахлак жана мамилелерге тиешелүү шаръий өкүмдөр о.э. башкаруу, экономика, ижтима, таалим-тарбия жана тышкы саясатка тиешелүү түзүмдөр катары – Исламга амал кылууга каратылышы важып эле. Даъваттын (ибадаттарга жана сүннөттөргө гана) чектелишинин мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселеге эч кандай тиешеси жок. Кала берсе, бул даъват мусулмандар ишке ашыруу жолунда аракет кылуулары важып болгон максатты жүзөгө чыгарбайт. Бул сыяктуу уюмдардын үстүнөн чыгарылган өкүм Пайгамбарыбыздын мубарак хадистерине көңүл буруу жана аларды баян кылуу максатында түзүлгөн уюмдарга да тиешелүү. Мындан тышкары, бул жана бул сыяктуу иштер менен алектенүү алектенип жаткан жамаатты Алла мусулмандарга аткарууну буйруган важып иштен чалгытып коёт. Бул важып иш болсо – куфр мыйзамдарын жок кылып, Ислам өкүмдөрүн турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо колдонууну өз ордуна кайтаруу эле.

в) Ислами й китептерди жазууга, исламий билимдерди таркатууга тиешелүү иштерди, же үгүт-насаатка жана багыт берип жолдоого тиешелүү иштерди ишке ашыруу максатында түзүлгөн коомдор.

Исламий билимдерге тиешелүү китептерди жазуу жана таркатуу, үгүт-насаат жана жолдоо иштери улуу иштерден болсо да, бирок, алар мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселени чечүүнүн жолу эмес; Исламды турмуш майданына, мамлекет иштерине жана коомго кайтаруунун жолу да эмес.

- Пикирлер амал кылуу жана турмуш майданында жүзөгө келтирүү үчүн саясий түрдө алып чыгылбаса, алар китептерде, адамдардын зээндеринде куру пикирлер жана назарий маалыматтар болуп кала берет. Исламий китепканалар Исламий билимдер жөнүндөгү он миңдеген баалуу китептерге толуп турат. Бирок, бул китептер иш бербестен өз ордунда тизилип турат. Демек, бул пикирлер амал кылуу үчүн жана турмуш майданында жүзөгө чыгаруу үчүн саясий түрдө алып чыгылбаса, алар ишке ашпастан китептер ичинде кала берет.
- Буга Ал-Азхар, Аз-Зайтуна, Ан-Нажаф жана булардан башка Исламды жана Исламдын билимин окутууга ылайыкташтырылган окуу жайлары мисал боло алат. Бул окуу жайларында Ислам жана Ислам билимдерин амал кылуу жана турмушта колдонуу үчүн эмес, балким, куру тоериялык жактан гана окутушууда жана жыл сайын миңдеген адамдарды жетиштирип чыгарышууда. Бирок, бул аалымдар «кыймылдуу китептер» болуудан нарыга өтө албай жатышат. Себеби, алар Исламды куру теориялык маалымат катары гана үйрөнүштү. Исламды амал кылуу, бүткүл дүйнөгө жаюу, турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо колдонуу үчүн үйрөнүшкөн жок.

Ошондуктан, алардын шаръий өкүмдү жана Исламдын адал жана арамдан турган өлчөөлөрүн – өз дүйнө караштарынын негизи, иштерди аткарууларынын жана окуялардын үстүнөн өкүм чыгарууларынын негизи – кылбай жаткандыктарына таң калбаса да болот.

г) Маъруф (жакшылык) ишке буюруу жана мункар (жаман) иштен кайтаруу максатында түзүлгөн коомдор жана уюмдар.

Маъруф ишке буюруу жана мункар иштен кайтаруу – Алла мусулмандарга важып кылган иштердин бири. Алла Таала мындай дейт:

﴿وَلۡتَكُن مِّنكُمۡ أُمَّةٞ يَدۡعُونَ إِلَى ٱلۡخَيۡرِ وَيَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَيَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِۚ﴾

- ***«Силерден жакшылыкка*** *(Исламга)* ***даъват кыла турган, маъруф ишке буйруй турган, мункар иштен кайтара турган бир жамаат болсун».*** **[3:104]**

- Ар кандай абалда, Халифалык Мамлекети болсо да, болбосо да о.э. Ислам өкүмдөрү башкарууда жана коомдо колдонулуп жатса да, колдонулбай жатса да, маъруф ишке буйруу жана мункар иштен кайтаруу мусулмандарга важып болот. Маъруф ишке буйруу мункар иштен кайтаруу Расулулла ﷺдын заманында, ал заттан кийинки халифалардын жана алардан кийинки акимдердин заманында да болуп келген. Бул иш кыямат күнүнө чейин мусулмандарга парз болуп кала берет.

Бирок, маъруф ишке буйруу, мункар иштен кайтаруу акимдерден эсеп-китеп талап кылууну жана аларды маъруф ишке буйруп, мункар иштен кайтарууну өз ичине алгандыгы үчүн, бул иш Исламий турмушту кайра баштоо жолунда аткарыла турган иштердин бир бөлүгү болсо да, бирок, ал Халифалык мамлекетин тикелеп, Исламды турмуш майданына, мамлекет иштерине жана коомго кайтаруунун жолу эмес. Себеби, Исламий турмушту кайрадан баштоо үчүн ишке ашырыла турган иш маъруф ишке буйруу, мункар иштен кайтаруудан башка.

- Бул орунда маъруф иштерге буйруу жана мункар иштерден кайтарууга тийиштүү иштер менен мункар иштерди жок кылууга тийиштүү иштердин ортосунда айырма бар экендигине көңүл бурмакчыбыз. Маъруф ишке буйруу жана мункар иштен кайтарууга тийиштүү иштер сөзгө гана чектелген. Мункар ишти жок кылууга тийиштүү иштер болсо сөзгө эле чектелбестен, балким, материалдык күч иштетүүгө да өтөт. Бул пикир имам Муслим Абу Саъид ал-Худрийден рыбаят кылган хадистеги Расулулла ﷺдын сөзүнөн алынган: «Силерден кимде-ким мункар ишти көрсө, аны колу менен өзгөртсүн. Буга кудурети жетпесе, тили менен өзгөртсүн, буга да кудурети жетпесе, дили менен өзгөртсүн. Бул болсо ыймандын эң алсызы».
- Бул хадис жеке адамдар тарабынан кылынып жаткан мункар ишти жок кылуу үчүн күч иштетүү керектигин жана аны жок кылууга жетиштүү күч-кудурет болушу керектигин түшүндүрөт. Бирок, мунун шарты: күч иштетүү чоңураак мункар ишке, мисалы, фитна, адам өлтүрүү, кылыч көтөрүү сыяктуу иштерге алып барбасын.
- Жеке адамдар тарабынан кылына турган мункар ишти жок кылуу үчүн ушундай жол тутулат. Бул иштердин бардыгынын Халифалыкты кайрадан тикелеп, Исламды турмуш майданына, мамлекет иштерине жана коомго кайтаруу жолунда кылына турган аракетке эч кандай тиешеси жок.
- Акимге келсек, күч иштетүү жөнүндө келген хадистердин ага тиешеси жок. Анткени, аким күнөө ишке буйрубаса эле, зулум кылса да, адамдардын укуктарын тебелеп-тепсесе да, ага баш ийүү важып экендиги туурасында хадистер бар. Кала берсе, аким ачык капырлыкты ашкере кылбаса т.а. куфр мыйзамдары негизинде башкарбаса, ага каршы кылыч көтөрүүдөн кайтарган хадистер да бар. Муслим Нафеъден, Нафеъ ибн Умардан ибн Умар Расулулла ﷺдан рыбаят кылат: «Мусулман киши күнөө ишке буйрулбаса эле, ал жактырган жана жактырбаган иштеринде акимге кулак салып, моюн сунушу важып. Эгер күнөө ишке буйрулса, кулак салып, моюн сунушу таптакыр мүмкүн эмес». Бухарий ибн Аббастан рыбаят кылат, ал айтат: Расулулла ﷺ айтты: «Кимде-ким амиринен бир ишти жактырбаса, ага сабыр кылсын. Себеби, кайсы бир киши султанынан (амирине моюн сунуудан) бир карыш сыртка чыгып өлсө, ал жахилият өлүмү менен өлгөн болот». Бухарий Абдулладан рыбаят кылат, ал айтат:

Расулулла ﷺ айтты: «Силер жакында менден кийин өзүмчүлдүктү жана силер мункар деп биле турган иштерди көрөсүңөр». Ошондо сахабалар: «Я Расулулла, мындай абалда эмне иш кылышыбызга буйруйсуз?» - деп сурашканда, Расулулла: «Алардын акыларын өтөгүлө жана акыңарды Алладан сурагыла», - деп жооп берди».

Акимдер зулум кылышса да, адамдардын укуктарын тебелеп-тепсесе да, Расулулла ﷺ мусулмандарды аларга баш ийүүгө буйруду. Ушуну менен бирге, акимдерден эсеп-китеп талап кылууну, ачуу сөздөр менен аларды тергеп, алардын мункар иштерине сөз менен каршы чыгууну важып кылды. Анткени, акимдин өз милдеттерин толук аткаруусун күзөтүүгө жана анын шариятка тескери иштерин кайтарууга жоопкер кишилер мусулмандар болот.

Умму Салама Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылат, Расулулла ﷺ айтты: «Силерге абдан көп амирлер башчылык кылат. Силер (алардын айрым иштеринин) маъруф, (айрымдарынын) мункар иш экендигин билесиңер. Кимде-ким (мункар иштерин) жактырбаса, күнөөдөн таза болот. Кимде-ким кайтарса (азаптан) кутулат. Бирок, кимде-ким ыраазы болуп ээрчисе…» т.а. кимде-ким мункар ишти жактырбаса, аны өзгөртсүн. Аны өзгөртүүгө кудурети жетпесе, дили менен кайтарса да (азаптан) кутулат. Бирок, кимде-ким алардын шариятка тескери иштерине ыраазы болсо жана ээрчисе, күнөөдөн таза болбойт жана кутулбайт.

Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «шейиттердин саййиди – Хамза; жана залим акимдин алдына барып, ага насаат кылганда ошол аким өлтүрүп жиберген киши». Башка хадисте мындай деген эле: «Жихаддын эң абзели – залим султан алдында айтылган акыйкат сөз».

- Аким мункар ишке урунган убакта ага каршы материалдык күч иштетүүгө жана ага каршы курал көтөрүп согуш кылууга Шореъ бир гана абалда уруксат берди. Бул абал аким ачык капырлыкты ашкере кылган абал т.а. куфр мыйзамдары менен өкүм жүргүзүп жаткан же өлкөлөрдө куфр иштеринин күч алышына жол берген абал. Мындай абалда аны куфр мыйзамдары менен өкүм жүргүзүүдөн кайтаруу үчүн ага каршы согуш кылуу, курал иштетүү жана аны менен бийликти талашуу важып болот. Аким ошондо да куфр мыйзамдары менен өкүм жүргүзүүдөн кайтпаса, аны бийликтен алып таштап, шаръий өкүмдөрдү турмушка колдонууга жана ишке ашырууга кайтаруу үчүн ага каршы курал көтөрүп согуш кылынат.

- Умму Саламадан рыбаят кылынган хадисте мындай делген: Сахабалар: «Я Расулулла, аларга каршы согушпайбызбы? – деп сурашканда, Расулулла: «Жок, эгер намазды өтөп жаткан болушса», - деп жооп берди. Башка рыбаятта да төмөндөгүдөй сөздөр келген: «… аларга каршы согушпайбызбы?» - деп сурашканда, Расулулла: «Жок (согушпайсыңар). Эгер намазды өтөп жатышкан болсо» - деп жооп берди. Авф ибн Малик рыбаят кылган хадисте мындай сөздөр келген: «…Я

Расуллла, аларга каршы кылыч көтөрүп күрөшпөйбүзбү?» - деп сураганда, Расулулла: «Жок (күрөшпөйсүңөр). Эгер алар араңарда намазды өтөп жатышкан болсо», - деп жооп берди. Намазды өтөө дегени «Ислам өкүмдөрүнүн бардыгын турмушка колдонуу жана ишке ашыруу» деген маанини түшүндүрөт. Намаздан Ислам өкүмдөрүнүн бардыгы назарда тутулуп жатат т.а. «жуз»дан «кулл» назарда тутулуп жатат. Убода ибн Сомит рыбаят кылган хадисте мындай сөздөр келген: «…башчылар менен ишти талашпоого байъат кылабыз», - деп байъат кылып жатышканда, Расулулла ﷺ айтты: «Бирок, башчылардан куфр иш экендигине Алла тарабынан анык далил келген ачык капырлыкты көрсөңөр (алардан башкаруу ишин тартып алууга аракет кылууңарга байъат кыламын)». Табароний рыбаят кылган хадисте «…анык капырлыкты» деген сөз келген. Имам Ахмаддын рыбаятында болсо «…эгер сени күнөө ишке буйрубаса» деген сөз бар. Бул хадистердин бардыгынан түшүнүлгөндөй, аким куфр иш экендигине Алла тарабынан анык далил келген ачык капырлыкты ашкере кылса т.а. ал куфр мыйзамдары менен өкүм жүргүзсө, анда ага каршы курал көтөрүп согуш кылуу важып болот.

- Бирок, акимди алып таштоо кудуретине ээ болгондо гана ага каршы курал көтөрүп согуш кылуу жана андан бийликти тартып алуу важып болот. Анткени, мункар ишти жок кылуу үчүн күч иштетүүгө буйруган хадистерде жана аким ачык куфрду ашкере кылып жаткан убакта ага каршы кылыч менен күрөшүү важып экендигин баяндаган хадистерде алып таштоо кудуретине ээ болуу шарт кылынган. Себеби, хадисте: «…(мункар ишти күч менен өзгөртүүгө) кудурети жетпесе, тили менен өзгөртсүн», - делген. Бирок, аны алып таштоого кудурети жетпеген учурда акимге каршы кылыч көтөрүп күрөшүү важып болбойт. Мындай учурда аскердик күч даярдоого жана күч ээлеринен жардам сурооого аракет кылынат. Качан гана алып таштоо кудуретине ээ болгондо, ошондо гана акимге каршы кылыч көтөрүп күрөшүү важып болот.
- Бирок, аким ачык куфрду ашкере кылып жаткан убакта ага карыш кылыч көтөрүп күрөшүүнүн важып болушунда диярдын Ислам дияры болушу жана Ислам өкүмдөрү турмушта колдонулуп жаткан болушу о.э. акимден ачык капырлык көрүнүшү шарт болот. Анткени, Убода ибн Сомит рыбаят кылган хадисте «… бирок, башчылардан ачык капырлыкты көрсөңөр…», Табароний рыбаят кылган хадисте «… бирок, башчылардын анык капырлыкты көрсөңөр…» - деген сөз келген. Мунун мааниси «акимден ачык капырлыкты мурун көрбөстөн, эми көрсөңөр т.а. Ислам турмушта колдонулуп жаткан бир учурда аким ачык куфр мыйзамдары менен өкүм жүргүзүп жатканын көрсөңөр» дегени.
- Ал эми, мусулмандар жашап жаткан дияр куфр дияры болуп, Ислам өкүмдөрү турмушка колдонулбай жаткан убакытта мусулмандар үстүнөн куфр мыйзамдары менен өкүм жүргүзүп жаткан акимди

бийликтен алып таштоо болсо, нусрат (жардам) талап кылуу аркылуу ишке ашырылат. Бул иште Расулулла ﷺдын Ислам мамлекетин куруу жана Ислам өкүмдөрүн турмушка колдонуу үчүн басып өткөн жолдоруна эргешилет.

д) Коомду оңдоо үчүн адеп-ахлакка үгүттөө негизинде түзүлгөн коомдор жана уюмдар.

Адеп-ахлакка даъват кылуу – бул дагы Алла мусулмандарга буйруган изгиликке даъват кылуу болуп саналат. Бирок, адеп-ахлакка каратылган бул даъват Ислам өкүмдөрүнүн бир бөлүгүнө гана амал кылууга каратылган даъват болуп эсептелет. А негизи болсо, даъват Ислам өкүмдөрүнө толук амал кылуу үчүн жана Исламды турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо жүзөгө чыгаруу үчүн Ислам өкүмдөрүнүн бардыгына каратылышы важып эле. Адеп-ахлакка даъват кылуу – мамлекеттеги, турмуштагы жана коомдогу жамаатка тиешелүү жалпы өкүмдөргө даъват кылуу эмес, балким, шарияттын жеке адамга тиешелүү өкүмдөрүнө гана даъват кылуу болуп эсептелет.

Адеп-ахлакка даъват кылуу коомду оңдоого да, Үммөттү ойготууга да алып барбайт. Себеби, коомду оңдоо ага өкүмдарлык кылып жаткан пикирлерди жана туйгуларды о.э. анда колдонулуп жаткан мыйзамдарды оңдоо аркылуу т.а. коомдо өкүмдар болгон урфу оммду (жалпы үрп-адат, каада-салтты) оңдоо аркылуу ишке ашат. Себеби, коом адамдардан, пикирлерден, туйгулардан жана мыйзамдардан түзүлөт. Ушуга негизделип, коомду оңдоо анын тутумдук бөлүктөрүн оңдоо аркылуу т.а. адамдардын пикирлерин, туйгуларын о.э. анын үстүнө колдонулуп жаткан мыйзамдарды оңдоо аркылуу ишке ашат.

О.э. адеп-ахлакка даъват кылуу үммөттү ойгонууга алып барбайт. Анткени, ойгонууга алып бара турган түрткү – бир гана пикирий өсүүнүн өзү. Европа жана Америкага назар таштоо алардын ойгоо экенин көрсөтөт. Бирок, алардын ойгонушу туура эмес ойгонуу. Себеби, туура ойгонуу – бул рухий негизге курулган пикирий өсүү дегени. Европа менен Америка ойгоо болушуна карабастан, адеп-ахлак жагынан баткакка батып калган. Алар адеп-ахлактык кыйматтан узак болуп, айбандар сыяктуу жашап жатышат.

Адеп-ахлакка даъват кылуу – мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселени чечүүгө даъват кылуу да эмес о.э. Алла мусулмандарга жүзөгө чыгаруу үчүн аракет кылууну важып кылган максатты ишке ашыруу жолу да эмес. Бул максат – Халифалык мамлекетин тикелеп, Исламды турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана турмушта колдонууну өз ордуна кайтаруу жана Исламды бүткүл дүйнөгө рисалат катары даъват жана жихад жолу аркылуу жаюу.

Мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселени чечүү о.э. мусулмандардын умтулуулары жана ишке ашыруу жолунда аракет кылуулары важып болгон максатка жетишүү – мусулмандарга саясий

уюмдар түзүү милдетин жүктөйт. Бул уюмдар Исламий фикрат негизине курулуулары жана Халифалыкты тикелеп, Алла түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүүнү кайтаруу үчүн саясий иш алып баруулары шарт. Маалым болгондой, эң маанилүүү маселе о.э. ишке ашыруу үчүн аракет кылуу важып болгон максат – Халифалык мамлекетин тикелеп, Ислам өкүмдөрүн турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо колдонуу жана ишке ашыруу о.э. Исламды бүткүл дүйнөгө рисалат катары даъват жана жихад жолу аркылуу жаюу.

Ошондуктан, мусулмандар тагдырын чече турган эң маанилү маселени жана ишке ашыруу жолунда аракет кылуу мусулмандарга важып болгон максатты түшүнгөндөн кийин Хизбут-Тахрир түзүлдү.

- Хизбут-Тахрир Ислам мабдасына негизделген саясий хизб болуп, анын иши – саясат, негизи – Ислам. Үммөт Исламды турмуш майданына, мамлекет иштерине жана коомго кайтарууну өз тагдырын чече турган эң маанилүү маселе деп кабыл алуусу үчүн жана Халифалыкты тикелеп, Алланын түшүргөн өкүмдөрү менен өкүм жүргүзүүнү өз ордуна кайтарууга карай үммөттү жетелөө үчүн бул Хизб үммөттүн арасында жана аны менен бирге иш алып барат.
- Хизбут-Тахрир – куру сопучулукка негизделген рухий да, илимий да, таалим-тарбия иштерин алып бара турган да, кайрымдуулук иштерин алып бара турган да уюм эмес, балким, ал исламий фикрат негизине курулган саясий уюм. Исламий фикрат – Хизбдин руху, анын өзөгү, жаны жана мүчөлөрүн байланыштырып туруучу робытасы (байламтасы). Хизб ушул фикрат негизине курулат жана бул фикрат хизбдин мүчөлөрүндө көрүнөт. Хизб үммөттү бул фикратты турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо жүзөгө чыгаруусу үчүн ага амал кылууга жана аны өзү менен биргеликте алып чыгууга даъват кылат.
- Хизбут-Тахрирдин максаты – Исламий турмушту кайрадан баштоо жана исламий даъватты жаюу т.а. мусулмандардын тагдырын чече турган эң маанилүү маселени чечүү. Исламий турмушту кайрадан баштоо дегени – исламий пикирлер жана туйгулар өкүмдарлык кыла турган, Ислам өкүмдөрү жана мыйзамдары турмушка колдонула турган, турмуш иштеринин бардыгы шаръий өкүмдөр боюнча жүргүзүлө турган, көз карашы адал жана арамдан турган исламий коомдо, Халифалык Мамлекети болгон Ислам мамлекетинин көлөкөсүндө, Ислам диярында мусулмандарды Исламий турмуш сүрүүгө кайтаруу – деген маанини түшүндүрөт. Кала берсе, мусулмандар бул мамлекетте Халифаны шайлашат. Халифага Алланын Китеби жана Пайгамбарынын сүннөтү менен өкүм жүргүзүү жана Исламды бүткүл дүйнөгө Рисалат катары даъват жана жихад жолу аркылуу жаюу шарты менен кулак салууга жана моюн сунууга байъат беришет.

Хизб Исламий акыйда негизине курулган жаркын пикир берүү аркылуу Ислам үммөтүн туура ойготууну максат кылып алат жана Ислам үммөтүнө

мурдагы азиздигин жана улуулугун кайтарууга аракет кылат. Анткени, ушуну менен үммөт бүткүл дүйнөгө жетекчилик кылуу жана аны башкаруу тизгинин башка мамлекеттерден жана калктардан тартып алып, мурда дүйнөнү жетектегени сыяктуу жана дүйнөдөгү иштерди Ислам өкүмдөрү боюнча башкарганы сыяктуу, дагы кайрадан дүйнөдө Биринчи Мамлекетке айланат.

О.э. бул Хизб Ислам жер жүзүнө өкүмдөр болушу үчүн, аны бүткүл дүйнөгө Рисалат катары жаюуну жана Үммөттү куфрга, анын мыйзамдарына, пикирлерине каршы күрөшүүгө үндөөнү өз алдына максат кылып алат.

- Хизбут-Тахрирдин кыла турган иши – мусулман өлкөлөрүндөгү бүгүнкү бузук коомду өзгөртүп, Исламий коомго айландыруу максатында Исламий даъватты жаюу, ушул коомдогу исламий эмес пикирлерди исламий пикирлерге өзгөртүп, ушул пикирлерди жалпы элдик пикирге о.э. амал кылууга жана ишке ашырууга үндөй турган бекем түшүнүктөргө айландыруу; ушул коомдогу исламий эмес, туйгуларды өзгөртүп, Алланы жана Пайгамбар ﷺды ыраазы кыла турган нерсеге ыраазы боло турган, Алланы жана Пайгамбар ﷺды каарданта турган нерсеге каарданып, Ага каршы тура турган исламий туйгуларга айландыруу, ушул коомдогу исламий эмес мамилелерди өзгөртүп, Ислам өкүм жана чечимдери боюнча жүрө турган Исламий мамилелерге айландыруу.
- Хизб ишке ашыра турган бул иштер – саясий иштер. Себеби, Хизб бул иштерде адамдардын алакаларын жана өз ара мамилелерин шаръий өкүмдөр жана чечимдер боюнча башкарат. Себеби, Исламий саясат – адамдардын алакаларын жана мамилелерин исламий өкүмдөр жана чечимдер негизинде башкаруу дегени.

Хизб ишке ашыра турган бул саясий иштерде төмөндөгүлөр көзгө даана көрүнөт:

1) Үммөттү Ислам сакофаты менен тарбиялоо. Мына ошондо Үммөт Ислам менен жуурулушуп, чирик акыйдалардан, ката пикирлерден, чиеленишкен түшүнүктөрдөн кутулат о.э. куфр пикирлеринен түшүнүктөрүнөн таасирленбейт.

2) Пикирий күрөш. Бул күрөш куфр пикирлерине жана түзүмдөрүнө каршы күрөшүү о.э. ката пикирлерге, чирик этикаттарга жана чиеленишкен түшүнүктөргө каршы күрөшүү т.а. алардын каталыгын, чириктигин жана туура эместигин баян кылуу о.э. ушул пикирлерге жана этикаттарга тиешелүү Ислам өкүмдөрүн билдирүү болуп саналат.

3) Саясий күрөш. Бул күрөш Ислам үммөтүн исламий өлкөлөргө таасири жана үстөмдүгү болгон мамлекеттердин өкүмдарлыгынан жана үстөмдүгүнөн куткаруу, аны боштондукка чыгаруу о.э. алардын пикирий, сакофий, саясий жана аскердик тамырларын кууратуу жана алардын түзүмдөрүн бардык мусулман өлкөлөрүнөн сууруп таштоо максатында, аларга каршы алып барыла турган күрөш болуп эсептелет.

- О.э. бул саясий күрөш – Ислам дүйнөсүндөгү, алардын ичинен Араб дүйнөсүндөгү акимдерге каршы күрөшүү, алардын үммөткө кылып жаткан кыянатчылыктарын жана ага каршы тил бириктирүүлөрүн ашкере кылуу, аларды эсеп-китеп кылып ачуу сөздөр менен тергеп туруу, үммөт алдында турган милдеттерин толук аткарбай жаткандыктары үчүн, үммөт иштерин туура башкарбай жаткандыктары үчүн, Ислам өкүмдөрүнө тескери иш алып барып жаткандыктары үчүн, куфр мыйзамдарын турмушка колдонуп жаткандыктары үчүн, аларды башкаруудан алып таштоо жолунда күрөшүү болуп эсептелет.

Демек, бул Хизбдин бардык иштери саясий иштер. Анын иши таалим-тарбия да, үгүт-насаат жана багыт берип жолдоо да эмес. Себеби, Хизб медресе эмес. Балким, анын иши саясий иш болуп, мында Исламдын пикирлери, өкүмдөрү жана чечимдери амал кылуу үчүн о.э. турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо жүзөгө чыгаруу үчүн түшүндүрүлөт.

Ислам турмушка колдонулушу үчүн жана Ислам акыйдасы Мамлекеттин негизине, конституциясына жана башка мыйзамдарынын негизине айланышы үчүн Хизб Исламды көтөрүп чыгат.

- Хизбут-Тахрир уюшма көрүнүндө гана исламий фикрат негизине курулуу менен чектелип калбастан, үммөттүн вокыйлыгын жана бүгүнкү абалын, Исламий өлкөлөрдөгү коомдун вокыйлыгын, Расулулла ﷺ жашаган доордон, андан кийинки хулафаи рошидиндер жана тобеиндер (сахабаларды көргөн мусулмандар мууну) доорунун вокыйлыгын үйрөнүп, текшерип жана пикир жүргүзүп, Расулуллага вахий түшө баштагандан тартып Мединада Мамлекет курганга дейре жүргөн жолуна жана даъватты кандайча жайган абалына кайрылып, андан кийин, Расулулла ﷺ Мединада кандай жол тутканын үйрөнүп, Алланын Китебине, Пайгамбардын сүннөтүнө о.э. бул экөөсү көрсөткөн жол – сахабалардын ижмасына жана кыяска кайрылып, сахабалардын жана тобеиндердин о.э. мужтахид имамдардын сөздөрүн үйрөнүп чыгып, Хизбут-Тахрир Ислам фикратына жана ушул фикратты ишке ашыруу тарыйкатына тиешелүү толук райларды жана өкүмдөрдү тандады. Бул пикир, рай жана өкүмдөр – жалаң гана исламий пикир, рай жана өкүмдөр. Алардын ичинде бир да исламий эмес же исламий эмес пикирлерден таасирленген пикир, рай жана өкүмдөр жок. Алар жалаң гана исламий болуп, жалгыз Ислам негиздерине жана нусустарына таянат. Хизб аларды өз ижтихады жана түшүнүүсү боюнча далилдин күчтүүлүгүнө карай тандап алат. Ошондуктан, Хизб аларды туура, бирок, ката болуп калышы да мүмкүн деп эсептейт.

Хизб ушул пикир, рай жана өкүмдөрдөн хизб катары өзүнө зарыл болгондорун тандап алды. Себеби, саясий хизб хизб болушу үчүн фикрат жана тарыйкаттын тафсилаттарын тандап алышы зарыл.

О.э. Хизб ушул пикир, рай жана өкүмдөрдөн Халифалык Мамлекетин тикелеп, Халифа шайлоо аркылуу Исламий турмушту кайрадан баштоо

жана Исламий даъватты жаюу жолунда иш алып барууга зарыл боло тургандарын да тандап алды.

Бул пикир, рай жана өкүмдөр «Ислам – акыйдадан жана адамдын бул турмуштагы бардык проблемаларын чече турган түзүмдөрдөн турган турмуш мабдасы» экендигин көрсөтүп берет.

О.э. бул пикир, рай жана өкүмдөр хизбди белгилүү бир хизбге айландырат жана Хизбдин мүчөлөрүн бири-бирине байланыштырып туруучу робыта милдетин аткарат. Хизб алардын жардамында хизбдин бүтүндүгүн жана андагы пикирлердин бири-бирине үндөштүгүн сактап калат. Хизб ушул пикир, рай жана өкүмдөрдү туура деп билгендиги үчүн үммөттү анын айланасына бириктирет. Анткени, муну менен үммөт аларды өз пикир, рай жана өкүмдөрүнө айландырып, аларга амал кылат о.э. аларды турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо жүзөгө чыгаруу үчүн Хизб менен бир сапта туруп жаят.

Хизбдин бул пикир, рай жана өкүмдөрдү тандап алышы Ислам дүйнөсүндө, алардын ичинен араб дүйнөсүндө, балким, бүткүл дүйнөдө алар ушул Хизбдин пикирлери болуп таанылышына алып барды.

Хизб басып чыгарып, адамдарга таркатып жаткан көптөгөн китептерине жана баракчаларына өзү тандап алган пикир, рай жана өкүмдөрдү киргизди.

- Хизбут-Тахрирдин коомду өзгөртүү жолу о.э. Халифалыкты тикелеп, Алла түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүүнү өз ордуна кайтаруу үчүн жана Исламды бүткүл дүйнөгө Рисалат катары жаюу үчүн өз иш-аракетине даъватты кандайча жаюу жолу катары тандап алган тарыйкатына келсек, Хизб бул иштердин бардыгында шаръий өкүмдү о.э. Расулулла ﷺ мамлекетти куруу үчүн, мамлекетке жана коомго тиешелүү шаръий өкүмдөрдү турмушка колдонуу жана ишке ашыруу о.э. даъватты жаюу үчүн басып өткөн жолдорун үлгү катарында кабыл алды.

Анткени, Алла Субханаху ва Таала мусулмандарга шаръий өкүмдөргө амал кылууну, Расулулла ﷺдан өрнөк алууну жана Расулулла ﷺ Алла тарабынан алып келген бардык иштерди кабыл кылууну важып кылган. Алла Таала айтты:

﴿لَّقَدۡ كَانَ لَكُمۡ فِي رَسُولِ ٱللَّهِ أُسۡوَةٌ حَسَنَةٞ لِّمَن كَانَ يَرۡجُواْ ٱللَّهَ وَٱلۡيَوۡمَ ٱلۡأٓخِرَ وَذَكَرَ ٱللَّهَ كَثِيرٗا﴾

***- «Силер үчүн Алладан жана акырет күнүнөн үмүткөр болгон жана о.э. Алланы көп эстеген кишилер үчүн Алланын пайгамбарында көркөм үлгү бар».***
**[33:21]**

﴿قُلۡ إِن كُنتُمۡ تُحِبُّونَ ٱللَّهَ فَٱتَّبِعُونِي يُحۡبِبۡكُمُ ٱللَّهُ وَيَغۡفِرۡ لَكُمۡ ذُنُوبَكُمۡ﴾

- ***«Айткын*** *(эй Мухаммад)*, ***«Эгер Алланы сүйсөңөр мени ээрчигиле. Ошондо Алла силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет. Алла*** *(күнөөлөрдү)* ***кечирүүчү Зат».*** **[3:31]**

﴿وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْۚ﴾

- ***«Пайгамбар силерге эмнени алып келсе, аны бекем кармагыла. Эмнеден кайтарса, андан кайткыла».*** **[59:7]**

Бул аяттардан башка бир нече аяттар да Расулуллага эргешүү, андан өрнөк алуу жана ал алып келген бардык буйрук-кайтарууларга сөзсүз амал кылуу важып экендигин түшүндүрөт.

Хизб Расулулла ﷺ капырларды Исламга даъват кылгандыгын билет. Бүгүнкү күндө болсо, мусулмандар Ислам өкүмдөрүнө амал кылуулары үчүн жана Алла түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүүнү өз ордуна кайтаруу жолунда биз менен бирге иш алып баруулары үчүн биз аларга даъватты алып чыгуудабыз. Бирок, эң өкүнүчтүүсү, биз бүгүнкү күндө мусуландардын өлкөлөрү Ислам дияры эместигин жана мусулмандар жашап жаткан коом болсо исламий коом эмес экендигин жакшы билебиз.

Ошондуктан, Хизбдин иш-аракети Исламий өлкөлөрдү Ислам диярына жана андагы коомду исламий коомго айландырууга каратылат. Себеби, Расулулла ﷺ Мекке жана башка шаарларды Ислам диярына жана андагы жахилий (исламий эмес) коомду исламий коомго айландыруу үчүн иш алып барган эле.

Ошондуктан, хизб өзүнүн иш-аракет жолу жана даъватты кандай алып чыгуунун жолу катары төмөндөгү кең көлөмдүү багыттарды табанний кылды:

1. Хизб Алла Тааланын:

﴿وَلۡتَكُن مِّنكُمۡ أُمَّةٞ يَدۡعُونَ إِلَى ٱلۡخَيۡرِ وَيَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَيَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِۚ﴾

- ***«Силерден жакшылыкка*** *(Исламга)* ***даъват кыла турган, маъруф ишке буйруй турган жана мункар иштен кайтара турган бир жамаат болсун».***

**[3:104]**

- деген аятындагы буйругуна жооп катары, шаръий өкүмдү аткаруу максатында даъватты алып чыгат. Бул шаръий өкүм мусулмандарга Ислам өкүмдөрүнө амал кылууну, аларды алып чыгып, турмуш майданында, мамлекет иштеринде, коомдо кайрадан турмушка колдонууну жана ишке ашырууну важып кылат.

Хизб важып ишти аткаруу үчүн эле эмес, балким, Халифалыкты кайрадан тикелеп, Алла түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүүнү өз ордуна кайтаруу максатында даъватты алып чыгат.

2. Хизб шаръий өкүмдү бардык иш-аракеттердин негизи кылып алат. О.э. мабдалардын, пикирлердин, окуя жана болгон иштердин жана өкүмдөрдүн үстүнөн өкүм чыгаруунун пайдубалы кылып алат. Ушуну менен бирге, адал жана арамды бардык иштердин жана тасарруфтардын өлчөөсү кылып алат. Сиядат (кожоюндук) бир гана Исламдыкы деп этикат кылат.

Ошондуктан, Хизб ашкере айтуу, тайманбастык жана ачык-айкындык жолун тутат. Исламга тескери болгон мабданы, динди, этикатты, пикирди, түшүнүктү, түзүмдү, үрп-адатты, каада-салтты – алардын ар бирин талкууга чакырат, мейли, бул иш дин жана этикат өкүлдөрүнүн өч алуу жана каршылыктарына дуушар болсо да. Хизб Ислам зыянына бир да кишиге кошоматчылык кылбайт. Исламдан башка дин, этикат, мабда ээлерине о.э. исламий эмес пикир жана үгүттөө өкүлдөрүнө «Силер ушул абалыңарда кала бергиле» дебейт. Балким, алардын диндердин жана этикаттарын, пикирлерин жана үгүттөөлөрүн – булар куфр жана адашуу болгондугу үчүн аларды таштоону, бир гана Ислам туура болгонду үчүн аны кабыл алууну талап кылат. Ошондуктан, Хизб жөөт жана христиан диндери сыяктуу Исламдан башка бардык диндерди о.э. социализм, коммунизм жана капитализм сыяктуу бардык мабдаларды куфр диндери жана мабдалары деп эсептейт. Жөөттөрдү жана христиандарды капырлар деп санайт. Капитализмге же социализмге, же коммунизмге этикат кыла турган кишини капыр деп эсептейт.

Хизб улутчулдукка, мекенчилдикке, жердешчиликке жана мазхабчылыкка чакырууну Ислам арам кылат деп эсептейт.

О.э. капитализмге, социализмге, коммунизмге, илманийликке, масончулукка, улутчулдукка, мекенчилдикке, мазхабчылыкка, Исламдан башка ар кандай динге үгүттөй турган партиялар түзүүнү же ушул партияларга мүчө болууну мусулмандарга арам деп эсептейт.

О.э. хизб акимдерге жасакерленип, жагынууга аракет кылбайт. Даъватты алып чыгууга жардам берет деп акимдерге, алардын конституциясы жана мыйзамдарына тилектештик билдирбейт. Себеби, арам жол менен важып ишти аткаруу шаръан мүмкүн эмес. Балким, хизб акимдерди тергеп, аларды ачуу сөздөр менен сындайт. Акимдер колдонуп жаткан мыйзамдар куфр мыйзамдары болгондугу үчүн аны алып таштап, анын ордуна Ислам өкүмдөрүн турмушка колдонууну аларга важып деп эсептейт. О.э. Хизб алар куфр мыйзамдары менен өкүм жүргүзгөндүктөрү үчүн аларды залимдер жана фасыктар деп билет. Исламды же Ислам өкүмдөрүнүн кайсы бирин турмушка жараксыз десе, ал акимди капыр эсептейт.

О.э. хизб бул акимдер бирге өкүм жүргүзүүгө катышууну кабыл албайт. Себеби, бул иш куфрдун өкүм жүргүзүүсүнө катышуу болуп, мусулмандарга арам кылынган. Хизб экономикага жана таалим-тарбияга тиешелүү иштерде, коомдук, адеп-ахлактык реформалар өткөзүүдө бул акимдер менен кызматташ болууга ыраазы болбойт. Себеби, бул кызматташтык залимдерге жардам берүү, аларды бекемдөө жана чириген куфр түзүмдөрүнүн өмүрүн узартуу болуп эсептелет. Балким, Хизб бул акимдерди жана алар мусулмандарга карата колдонуп жаткан куфр мыйзамдарын алып таштап, алардын ордуна Ислам өкүмдөрүн кайрадан турмушка колдонуу жана ишке ашыруу үчүн иш алып барат.

3. Хизб Алла Тааланын:

﴿وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ﴾

- ***«Пайгамбар силерге эмнени алып келсе, аны бекем кармагыла, эмнеден кайтарса,** (андан) **кайткыла».*** **[5:49]**

﴿وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْۚ﴾

- ***«Алардын ортосунда Алла түшүргөн өкүмдөр менен өкүм кылгын».*** **[59:7]**
- деген аяттарындагы буйругун аткаруу максатында, Исламды бардык өкүмдөрү менен толук түрдө турмушка колдонуу үчүн иш алып барат. Бул өкүмдөрдүн ибадаттарга, мамилелерге, адеп-ахлакка, мыйзамдарга тиешелүү болушунун эч кандай айырмасы жок.

Бул эки аятта келген, «маа» сөзү умумийликти түшүндүрө турган сөздөрдөн. Ошондуктан, бул сөз Алла түшүргөн бардык өкүмдөрдү жана Пайгамбар алып келген бардык иштерди өз ичине алат. Демек, Алла түшүргөн бардык өкүмдөрдү ишке ашыруу жана Пайгамбар алып келген бардык иштерге амал кылуу важып. Эки өкүмдүн, эки парздын, эки арамдын ортосунда эч кандай айырма жок. Алардын бардыгын ишке ашыруу жана аткаруу важып. Бир бөлүгүн ишке ашырып, калганын ишке ашырбоо о.э. өкүмдөрдү баскычма-баскыч аз-аздан ишке ашыруу мүмкүн эмес. Анткени, биз Ислам өкүмдөрүнүн бардыгына амал кылууга буйрулганбыз. Ошондуктан аларды бирдей, тегиз, толук ишке ашыруу важып.

Вокыйлык Исламга тескери болгон учурда ага дал келсин деп, Исламды бурмалоо мүмкүн эмес. Себеби, бурмалоо Исламды бузуп баяндоо болуп эсептелет. Мындай учурда мусулмандардын милдети – Исламга дал келиши үчүн жана шаръий өкүмдөр негизинде тартипке салынышы үчүн – вокыйлыкты өзгөртүү болуп саналат.

4. Расулулла ﷺга вахий келе баштагандан тартып, тээ мамлекет тикелеп, куфр диярын Ислам диярына, жахилият коомун исламий коомго айландырганга чейинки басып өткөн жолунда көрүнгөн сийратына негизделип, Хизб өз багытын төмөндөгү үч баскычка чектеди:

<u>Биринчиси</u>: Хизб фикратына жана тарыйкатына ишене турган адамдарды пайда кылып, хизбий уюмду калыптандыруу үчүн аларды тарбиялоо баскычы.

<u>Экинчиси</u>: Үммөттүн мойнуна Исламды жүктөө максатында ага таасир өткөзүү баскычы, ушуну менен үммөт Исламга өзүнүн эң зарыл маселеси катары жандашат жана Исламды турмуш майданында, мамлекет иштеринде жана коомдо жүзөгө келтирүүгө аракет кылат.

<u>Үчүнчү</u>: Бийликти колго алуу, Исламды толук жана жалпы түрдө турмушка колдонуп, аны бүткүл дүйнөгө рисалат катары алып чыгуу баскычы.

- Биринчи баскыч – негиз салуу баскычы. Бул баскычта хизбдин өзөгү пайда болду. Фикратка жана тарыйкатка жол табылган соң, биринчи халка калыптанды. Ушул убактан тартып бул биринчи халка үммөт өкүлдөрү менен өз-өзүнчө жолугушуп, аларга фикрат жана тарыйкатты түшүндүрө баштады.
- Кимде-ким ушул биринчи халка тааныштырып жаткан пикирлерди кабыл алса, бул пикирди тартиптүү үйрөнүү үчүн аны халкаларга кошот. Натыйжада, ал биринчи халка тандаган Ислам пикирлери жана өкүмдөрү менен жуурулушуп кетип, Исламий шахсияга айланат. Исламий аклияга ээ болуп, ушул аклия менен пикирлерге, болгон иштерге жана окуяларга Ислам көз карашы негизинде карап, алардын үстүнөн Исламдын адал жана арамдан турган өлчөөлөрүнө ылайык түрдө өз өкүмүн чыгарат. О.э. бул адам исламий нафсияга ээ болуп, Ислам негизинде аракет кылат. Алланы жана Пайгамбарын ыраазы кыла турган ишке ыраазы боло турган, Алланы жана Пайгамбарын каарданта турган ишке каардана турган жана ага каршы козголуп, бутка тура турган адамга айланат. Ал Ислам менен бириккен соң, адамдарга даъватты жаюуну баштайт. Анткени, анын халкаларда алган сабагы таасирдүү, амалий сабак т.а. турмуш майданында амал кылуу үчүн жана адамдарга жаюу үчүн үйрөнүлө турган сабак болуп эсептелет.
- Эгер адам ушундай деңгээлг көтөрүлсө, өзүн хизбдин мүчөсү деп билет жана мүчөгө айланат.

Расулулла ﷺ даъваттын үч жылга созулган биринчи баскычында дал ушундай иш алып барган эле. Адамдарды өз-өзүнчө даъват кылып, Алла жиберген вахийди аларга тааныштырчу; кимде-ким Расулулла ﷺ тааныштырган вахийди кабыл алып, ага жана анын Рисалатына ишенсе, аны бул дин негизинде өз айланасындагы топтун катарына жашыруун кошуп алчу; аны Ислам менен жуурулуштуруу максатында Расулула өзүнө жиберилген Ислам рисалатын, түшкөн жана түшүп жаткан Куран аяттарын үйрөтүүгө аракет кылчу. Пайгамбар ﷺ өзүнө ыйман келтирген кишилер менен жашыруун түрдө эч кимге билдирбей учурашчу. Жашыруун жерлерде жашыруун түрдө аларга таалим берчү; алар болсо ибадаттарын жашырынып кылышчу. Акыры, Ислам наамы Меккеде жайылды. Адамдар Ислам жөнүндө сүйлөй башташты. Исламга топ-топ болуп киришти.

Бул негиздөө баскычында хизбдин иш-аракети бир гана сакофий жакка чектелби. Бүткүл көңүлүн өзүн бекемдөөгө, мүчөлөрүн көбөйтүүгө жана халкаларда мүчөлөрүнүн аң-сезимин өзү табанний кылган сакофат менен тартиптүү түрдө байытып барууга каратты. Акыры Ислам менен жуурулушуп, Хизбдин пикирлерин кабыл алган, бул пикирлер менен биригип, аны адамдарга алып чыккан жигиттерден хизбий уюмду калыптандырууга жетишти.

Хизб өзүнүн хизбий уюмун калыптандыргандан кийин коом аны сезип, фикратын жана даъват кылып жаткан пикирлерин билгенден баштап, Хизб экинчи баскычка көчтү.

- Экинчи баскыч болсо үммөткө таасир өткөрүү баскычы. Ага таасир өткөзүүдөн көздөлгөн максат – хизб тандаган Ислам пикирлери жана өкүмдөрү жөнүндө үммөттө афкори омма (массалык пикир) жана райы омманы жүзөгө келтирип, анын мойнуна Ислам жоопкерчилигин жүктөө жана Исламга өз тагдырын чече турган, жан аябай күрөшө турган эң маанилүү маселеси катары жандашууга үндөө. Ушуну менен үммөт ушул пикирлерди жана өкүмдөрдү өз пикирлерине айландырып, аларга амал кылсын жана мурмуш майданында пайда кылуу максатында алып чыксын о.э. исламий турмушту кайрадан баштоо максатында Халифалыкты тикелеп, мусулмандарга халифаны шайлоо жана Ислам даъватын бүткүл дүйнөгө жаюу жолунда Хизб менен бирге аракет кылсын.

Хизб бул баскычта жалпы элге жамаий (жамааттык) көрүнүштө түшүндүрүү иштерин алып барууга өттү. Бул баскычта төмөндөгү ишти ишке ашырды:

1. Халкаларда жеке адамга бериле турган тартиптүү сакофат. Мындан көздөлгөн максат – хизбди күчөтүү, мүчөлөрүн көбөйтүү, даъватты алып чыгууга кудуреттүү исламий шахсияларды пайда кылуу о.э. пикирий жана саясий күрөштүн айлампасына шуңгуп кирүү.

2. Хизб тандап алган Ислам пикирлери жана өкүмдөрү менен бүткүл үммөткө жамаий сакофат берүү. Бул жамаий сакофат мечит сабактарында, жыйындарда, лекцияларда, коомдук жайларда, гезит-журналдарда, китептерде жана баракчаларда түшүндүрүлүп барылат. Мындан көздөлгөн максат – үммөттө жалпы аң-сезимди пайда кылуу, үммөткө таасир өткөзүү, аны Ислам менен жуурулуштуруу жана үммөттө элдик таянычты пайда кылуу. Анткени, ушуну менен Хизб үммөттү – Халифалык тикелеп, Алла түшүргөн өкүм менен өкүм жүргүзүүнү өз ордуна кайтарууга карай – жетелөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

3. Куфр этикатына, түзүмүнө жана пикирлерине каршы о.э. чирик этикат, ката пикирлер, чиеленишкен түшүнүктөрүнө каршы пикирий күрөшүү. Бул күрөш алардын жасалма-жалгандыгын, ката экенин, Исламга тескерилигин түшүндүрүү аркылуу алып барылат. Анткени, ушуну менен үммөт ушул этикаттан, түзүмдөн, пикирлерден жана түшүнүктөрдөн о.э. алардын таасиринен кутулат.

4. Саясий күрөш. Бул күрөш төмөндөгү иштерде көрүнөт:

а) Исламий өлкөлөргө өкүмдарлык кылып келе жаткан же аларга таасири өткөн капыр империалист мамлекеттерге каршы күрөшүүдө; империализмдин пикирий, саясий, экономикалык жана аскердик көрүнүштөрүнүн бардыгына каршы күрөшүүдө; анын пландарын жана тил бириктирүүлөрүн ашкере кылып, ачып таштоодо көрүнүп турат. Мындан

көздөлгөн максат – үммөттү империализмдин өкүмдарлыгынан куткаруу жана анын ар кандай таасиринен азат кылуу.

б) Араб өлкөлөрүндөгү о.э. исламий өлкөлөрдөгү акимдер үммөттүн укуктарын тебелеп-тепсеген же үммөт алдындагы өз тапшырмаларын, милдетин аткарууга кайдыгер мамиле кылган же үммөттүн кайсы бир иштерине кош көңүлдүк кылган, Ислам өкүмдөрүнө тескери саясат жүргүзгөн учурда, аларга каршы күрөшүүдө туура эмес иштерин ачып таштоодо, аларды тергеп турууда жана каршылык көрсөтүүдө көрүнөт.

О.э. алардын куфр түзүмүн жана мыйзамдарын ишке ашырууга негизделген башкаруусун жок кылып, ордуна Ислам башкаруусун тикелөөгө аракет кылууда көрүнөт.

5. Үммөттүн кызыкчылыктарын белгилеп берүү жана анын алакалар жана мамилелерин Шарият өкүмдөрү негизинде башкаруу.

- Хизб бул иштердин бардыгын Расулулла ﷺга Алла Тааланын:

﴿فَٱصۡدَعۡ بِمَا تُؤۡمَرُ وَأَعۡرِضۡ عَنِ ٱلۡمُشۡرِكِينَ﴾

- ***«Өзүңө буйрулган нерсени аткаргын жана мушриктерден жүз үйрүгүн».*** **[15:94]**

- деген аяты түшкөндөн кийин ал зат жүргөн жолго ээрчип ишке ашырды. Расулулла ﷺ өзүнө жиберилген Исламды ашкере кылды. Курайшты Сафага топтоп, аларга өзүн Алланын элчиси жана Пайгамбары экендигин билдирип, ыйман келтирүүлөрүн талап кылды. Даъватты жеке адамдарга тааныштыргандай эле, жамааттарга да тааныштыра баштады. Курайшты жана анын кудайларын, этикаттарын, пикирлерин тилге алып, алардын жасалма-жалгандыгын жана чирик-каталыгын түшүндүрүп, аларды айыптады жана аларга каршы о.э. ошол заманда болгон бардык этикаттарга жана пикирлерге каршы күрөштү. Аяттар Рссулулла ﷺга биринин артынан бири түшүп, этикат жана пикирлердин чириктигин, каталыгын баян кылчу эле; сүткордуктун үстүнөн күн көрүү, кыздарды тирүүлөй көмүү, тараза-өлчөөлөрдөн уруп калуу жана зына кылуу сыяктуу илдеттерди каралачу о.э. Курайш башчыларын жана жетекчилерин айыптап, алардын жана аталарынын акмакчылыгын, келесоолугун ачып таштачу эле; Расулулла ﷺга, анын даъваттарына, сахабаларына каршы уюштурулуп жаткан фитналарды жана карасанатайлыктарды ачып таштачу эле.

- Хизб өз пикирлерин алып чыгып жатканда, башка пикирлерди жана саясий уюмдарды тилге алып жатканда, капыр мамлекеттерге каршы күрөшкө кирип жатканда жана акимдердин кылмыштарын ашкере кылып жатканда, акыйкатты ачык баян кылуу жолун карманды. Кошоматчылык жана жасакерлик кылбады. Эки жүздүүлүк кылып, жакшы көрүнүүгө аракет кылбады. Акыбетине жана натыйжасына карабады, тынч-таттуу жашоону абзел көрбөдү. Исламга жана анын өкүмдөрүнө тескери болгон ар кандай

пикирди талкуугa чакырды. Хизб бул иштердин натыйжасында акимдердин катуу кыйноо-кыстоолоруна, саясий уюмдардын жана ар түрдүү үгүт-насаат өкүлдөрүнүн, ал тургай, кээ бир учурларда, жалпы элдин өчүгүүлөрүнө дуушар болду.

Хизб бул иштердин баарын Расулулла ﷺга ээрчип ишке ашырды. Расулулла ﷺ бүткүл дүйнөгө Ислам рисалатын жалпы элди пикирий талкууга чакырган жана өзү даъват кылып жаткан акыйкатка толук ишенген абалда алып келди. Үрп-адаттарга, сокурларча ээрчүүлөргө, этикаттарга, акимдерге жана карапайым элге о.э. Ислам рисалатынан башка бир да нерсеге көңүл бурбастан, куфрду жана бүткүл дүйнөдөгү куфр пикирлерин пикирий талкууга чакырып, бардык алдамдарга каршы согуш жарыя кылды. Даъватты курайштан баштап, кудайларынын ар биринин аттарын атап, алардын эч нерсеге кудурети жетпей турган жансыз нерселер экенин ачып таштады. Курайшты этикаттары жүзөсүнөн талкууга чакырып, алардын этикаттары наадандык этикаттары экендигин ачып таштады. Ал убакта Расулулла ﷺ жалгыз болуп, Алла тарабынан жиберилген Ислам рисалатына болгон терең ишениминен башка эч кандай куралы да, аскердик даярдыгы да, жардамчысы да жок эле.

- Хизб Расулула ﷺдан өрнөк алып, өзүнүн иш-аракетинде максатын жана пикирлерин ачык-айкын баян кылуу жана бардыгын пикирий талкууга чакыруу жолун туткан болсо да, бирок, бул доордо жалаң гана саясий иштерге чектелди. Акимдерге, даъваттын алдын тосуп жаткан же зордук көрсөтүп жаткан кишилерге каршы материалдык күч иштетпеди. Анткени, Расулулла ﷺ Меккеде даъватка гана чектелген. Мединага хижрат кылганга чейин материалдык күч иштетпеген. Экинчи Акаба байъатында катышкан кишилер Минадагыларга каршы кылычтар менен т.а. курал-жарактар менен согуш кылууга уруксат сураган учурда Расулулла: «Бул ишке буйрула элекпиз», - деп жооп берди. Алла Субханаху ва Таала бул аятта Расулулла ﷺдан мурдагы пайгамбарлар сыяктуу кыйноолорго сабыр кылууну талап кылган эле. Алла Таала айтты:

﴿وَلَقَدۡ كُذِّبَتۡ رُسُلٞ مِّن قَبۡلِكَ فَصَبَرُواْ عَلَىٰ مَا كُذِّبُواْ وَأُوذُواْ حَتَّىٰٓ أَتَىٰهُمۡ نَصۡرُنَا﴾

- ***«Сенден мурунку пайгамбарлар да жалганчы деп куру дооматка калышкан. Качан тээ аларга Биздин жардамыбыз келгенге чейин жалганчы кылынгандыктарына жана азар берилгендиктерине сабыр кылышкан»*** **[6:34]**

- Коом жана үммөт хизбден таасирленбей турган болуп катып калган учурда, Хизб Расулула ﷺдын сийратын туура жана анык түшүнүү максатында кайрадан үйрөнүп чыгууга киришти. Бул үйрөнүүнүн натыйжасында төмөнкүдөй чечимге келди.

1. Мекке коому Абу Талиб көз жумган кезде, Рсулулла ﷺдан таасирленбей турган болуп, катып калган эле. Анын өлүмүнөн кийин Расулулла ﷺга кылынып жаткан Курайш кыйноолору ушунчалык күчөп кетти, Абу Талибдин тирүү кезинде курайштыктар мынчалык кыйноону

оюна да келтиришпеген эле. Расулулланын коргонуусу абакеси Абу Талибдин тирүүлүк күндөрүнө караганда күчсүз болуп калды. Ошондуктан, Алла Расулулла ﷺга «өзүңдү араб урууларына тааныштырып, Алла тарабынан жиберилген рисалатты тынч, коргонулган абалда жеткиришиң үчүн, сени өз коргоолоруна алып, жардам берүүлөрүн алардан сура» деп вахий жиберди. Ибн Касир Ас-Сийрат китебинде Али ибн Абу Талибден ушул рыбаятты келтирди, Али айтты: «Алла Таала Пайгамбарын араб урууларына өзүн тааныштырууга буйруганда, мен жана Абу Бакр Расулулла ﷺ менен бирге Минага карай жол алдык. Акыры, арабтардын жашаган жерлеринин бирине жетип бардык».

О.э. Ибн Касир ибн Аббастан, ал киши атасы Аббастан рыбаят кылат, Аббас айтты: Расуллла ﷺ мага айтты: «Сенден да, агаңдан да мени коргой ала турган кудуретти көрбөй жатам. Ошондуктан, эртең мени базарга алып чык, уруулардын турган жерине баралы». Ал жер арабтардын топтоло турган жери эле. Аббас сөзүн улантып мындай деди: Мен айттым: «Бул Кинда уруусу жана анын чатырлары. Кинда ажыга келген ямандыктардын эң жакшысы. Бул Бакр ибн Воилдин турар жери. Бул болсо Бани Омир жана Саъсаънын турар жери. (Булардан каалаганыңызды) тандаңыз». Аббас айтты: Расулулла ﷺ өзүн тааныштырууну Киндадан баштап, алардын алдына барды».

2. Расулулла ﷺ өзүн тааныштырган бул уруулардан пайгамбарлыгына ыйман келтирүүлөрүн жана тастыктоолорун талап кылгандан соң, Алла тарабынан жиберилген Рисалатты жеткиргенге чейин аны коргоолорун талап кылар эле. Расулулла ﷺдын өзүн урууларга тааныштыруусу жөнүндө келген бардык хадистерден түшүнүлгөндөй, Расулулла ﷺ бул уруулардан өзүн жана даъватын коргоону талап кылган.

3. Кинда жана Бану Омир ибн Саъсаъа уруусу Пайгамбар ﷺдан кийин бийлик иши өз колунда калышын шарт кылгандыгы – Пайгамбар ﷺ алардан коргоо жана жардам талап кылуу менен бул уруулар ичинде белгилүү бир мамлекет жана бийлик курууну көздөп жатканын – бул уруулар түшүнгөнүн билдирет. Ошондуктан, алар Пайгамбар ﷺга жардам беришсе, ал заттан кийин бийлик өз колдорунда калышын талап кылышты.

4. Медина калкынын Расулулла ﷺга жардам бергени, Расулулланын экинчи Акаба байъатында алар менен убадалашканы жана Мединага жетип барары менен мамлекет курганы – Расулулла ﷺдын коргоо жана жардам талап кылуудан Ислам өкүмдөрүн ишке ашыруу үчүн исламий мамлекет курууну көздөгөндүгүнө ачык далил болот.

5. Хизб бул үйрөнүүдөн ушундай тыянакка келди: демек, жардам издөө (талабун-нусра) – мейли, жардам издөөгө үммөткө таасир өткөзүү баскычы болгон экинчи баскычта киришилсе да о.э. жардам издөө коом даъватты алып чыгуучу кишилерден таасирленбей катып калган жана аларга азап-кыйноолор күчөгөн убакта ээрчүү важып болгон тарыйкаттын бир бөлүгү

болсо да – бул талабун-нусра биринчи баскычтагы тарбиялоодон да, экинчи баскычтагы үммөткө таасир өткөзүүдөн да башка иш экен.

Ошондуктан, Хизб өзү ишке ашырып жаткан иштердин катарына жардам талап кылууну да киргизди жана жардам берүүгө кудуреттүү кишилерден жардам издей баштады. Ал ушул эки максатта:

Биринчиси: Хизб даъватты көтөрүп чыгып жатканда коркунучсуз иш жүргүзүүсү үчүн коргоо издөө максатында;

Экинчиси: Хизб Халифалыкты тикелеп, Алла түшүргөн өкүмдөр негизинде башкарууну турмуш майданына, мамлекет иштерине жана коомго кайтаруу үчүн бийликти колго алуу максатында, жардам берүүгө кудуреттүү кишилерден жардам издеди.

- Хизб жардам издөөгө тиешелүү иштерди ишке ашырып жаткан учурда да, мурдагы иштеринин бардыгын уланта берди: халкаларда тартиптүү түрдө таалим алуу, жамаий түстө тарбиялоо, үммөттүн мойнуна Исламды жүктөө жана андагы афкори омманы пайда кылуу максатында бүткүл көңүлүн үммөткө каратуу, капыр империалисттик мамлекеттерге каршы күрөшүү, алардын долбоорлорун ачып таштоо, тил бириктирүүлөрүн жана үммөттүн зыянына түзүлүп жаткан жаман ниеттеги келишимдерин ачып таштоо, акимдерге каршы күрөшүү (туура эмес иштерин ачып таштоо), үммөттүн жалпы кызыкчылыктарын белгилеп берүү о.э. анын алака жана мамилелерин башкаруу сыяктуу иштерин улантты. Хизб бул иштерде Алла аны жана Ислам үммөтүн жеңишке, нусратка жана ийгиликке жетиштиришин үмүт кылып жатат. Алла Ислам үммөтүн жеңишке, нусратка жана ийгиликке жетиштирген убакта болсо, момундар шаттанышат.

Алла Тааланын бизге жана бардык адамдарга кылган жакшылыктарынын бири – бул үммөттө Ислам жөнүндө афкори омма жүзөгө келди. Ислам – үммөтүн кутулууга алып чыкчу арзуусуна айланды. Мурда тилге алынбай турган Халифалык мамлекети бардыгынын тилинде кайра-кайра сүйлөнүүдө. Халифалыкты тикелеп, Алла түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүүнү өз ордуна кайтаруу бардык мусулмандардын ишенимине айланды.

Алладан кадамдарыбызды туура жолго жолдоп коюшун, Өз колдоосу менен жардам беришин, периштелер жана чын ыкластуу момундар менен кубаттандырышын, улуу жеңиши менен сыйлашын, Халифалык тикелеп, халифаны шайлоого жетиштиришин сурайбыз. Бул Халифага – биздин арабызда Алланын Китеби жана Пайгамбарынын сүннөтү негизинде өкүм жүргүзүү, бардык мусулман өлкөлөрдөгү куфр мыйзамдарын жок кылуу, мусулмандарды Халифалык туусу астына бириктирүү жана мусулман өлкөлөрдү Халифалык мамлекетине бириктирүү шарты менен – моюн сунуу жана кулак салуу байъатын беребиз.

Алла Өзү каалаган ишке кудуреттүү Зат.

Акыркы дубабыз: Бүткүл ааламдын Роббиси болгон Аллага хамду-саналар болсун.